**Изденүүчү Момошева Гулиза Абылкасымовнанын «Кичи шаарлардын кайра жаралуусу аймактын өнүгүүсүнүн жана социалдык-экономикалык жаңылануусунун фактору катары (Кыргызстандын түштүк аймагынын мисалында)» деген темада жазылган 25.00.24. – экономикалык, социалдык, саясий жана рекреациялык география адистиги боюнча география илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасы үчүн жазылган диссертациялык ишине илимий жетекчинин**

# ПИКИРИ

Кыргыз Республикасында аймактык өнүгүүгө багытталган саясаттын алардын алкагында мамлекеттик жана аймактык масштабдарда өткөрүлүп жаткан иш-чаралар шаарларды, анын ичинде кичи шаарлардын рынок шарттарында өз алдынча өнүгүүсүнүн эффективдүү жолдорун издөө, аймактын социалдык-экономикалык жаңылануусунун өзөгү катары өнүгүүсүн камсыз кылуу сыяктуу стратегиялык максаттарды көздөйт. Мындай шарттарда шаарлардын негизинде аймак үчүн социалдык-экономикалык жактан өсүү уюлдарын калыптандыруу, шаар конуштарынын курчап турган чөйрөгө өсүү импульсун берүү аркылуу инновациялык жаңылыктарды киргизүү, калк жана өндүрүш үчүн бирдиктүү инфраструктуралык базаны кеңейтүү иштери артыкчылыктуу болуп саналат.

Аталган маселелер республикалык жана аймактык деңгээлдерде практикалык жактан да, теориялык жактан да толук иштелип чыга элек жана мындай багыттагы изилдөөлөрдө экономикалык жана социалдык геогафия чечүүчү мааниге ээ. Мына ушуга байланыштуу диссертациялык иштин темасынын актуалдуулугу, анын теориялык жана практикалык маанилүүлүгү Кыргызстандын түштүгүндө жайгашкан кичи шаарлардын бул аймактын социалдык-экономикалык жаңылануусунун фактору катары өнүгүүсүн илимий жактан кароо менен аныкталып турат.

Аталган диссертациялык иш киришүүдөн, 3 баптан, корутундудан жана колдонулган адабияттардын тизмесинен турат.

Киришүүдө изилденүүчү теманын актуалдуулугу негизделип, анын максаты жана милдеттери, корголуучу жоболор, изилдөө объектиси, илимий жаңылыктары, практикалык мааниси, изилдөө жана усулдук негиздери, экономикалык жана практикалык маанилери, натыйжалары жана изилдөөнүн апробациясы чагылдырылган.

I бапта илимий адабияттарды талдоо менен шаарларды изилдөөнүн концептуалдык негиздери, ошондой эле кичи шаарлардын калыптануу жана өнүгүү өзгөчөлүктөрү жаңы изилдөө багыты катары каралган.

II бапта илимий изилдөө үчүн материалдарды издөө, тандоо жана талдоо ишинде оболу изилденүүчү теманын объектисин жана предметин тактоо менен изилдөөгө керектүү материал болгон расмий документтер, илимий эмгектер жана илимий-усулдук негиздер каралган.

III бапта шаарлар жана кичи шаарлар түшүнүгү жана алардын типологиясы каралуу менен Кыргызстандын түштүгүндөгү кичи шаарлардын экономикалык-географиялык өнүгүү өзгөчөлүктөрү, андагы көйгөйлүү маселелер иликтенген.

Кичи шаарлардын өнүгүү стратегиясы иштеп чыгууда өсүү точкасы, өсүү импульсу жана өсүү коридорунун пайдалуулугун арттыруунун, шаарлардын географиялык өзгөчөлүгүн көрсөтүү максатында шаар брендин иштеп чыгуунун зарылдыгы такталган. Ошондой эле кичи шаарлардын аймактын социалдык-экономикалык жаңылануусунун фактору катары өнүгүүсүнүн негизги багыттары аныкталган.

Корутундуда негизги жыйынтыктар жана практикалык сунуштар келтирилген.

Илимий иштин негизги жетишкен жактары деп төмөнкүлөрдү атоого болот:

1.Иш кыргыз (мамлекеттик) тилинде илимий стилде жакшы жазылган.

2.Иштин теориялык-усулдук негиздерин ачууда экономикалык география жаатындагы белсемдүү окумуштуулардын (Баранский Н.Н., Оторбаев К.О., Саушкин Ю.Г. ж.б.) концептуалдык эмгектери пайдаланылгандыгы, ошондой эле алыскы чет өлкөлүк окумуштуу-адистердин ой-пикирлери жетиштүү келтирилгендиги алкоого татыктуу.

3.Ишти жазуу логикасы себептик-натыйжалык өз ара байланышта түзүлгөн: адабий обзор жана теориялык иликтөөлөрдөн илимий-усулдук иштелмелерге, жеке талдоолорго жана жыйынтыктарга кезектешип өтүү принциптери сакталган.

4.Иштин бардык жоболору адабий булактарды жана статистикалык маалыматтарды тыкыр талдоонун негизинде автордук жекече көз караштар менен аргументтүү негизделген.

Жалпысынан алганда, изденүүчү Момошева Гулиза Абылкасымовнанын «Кичи шаарлардын кайра жаралуусу аймактын өнүгүүсүнүн жана социалдык-экономикалык жаңылануусунун фактору катары (Кыргызстандын түштүк аймагынын мисалында)» деген темада жазылган 25.00.24. – экономикалык, социалдык, саясий жана рекреациялык география адистигине туура келет жана диссертант география илимдеринин кандидаты окумуштуу даражасын алууга татыктуу.

**Илимий жетекчи,**
**Ош мамлекеттик университетинин**
**табият таануу жана география факультетинин деканы,**
**география илимдеринин доктору, профессор** **Низамиев А.Г.**

23.01.2021.

*А.Г.Низамиевдин колун тастыктайм*

*ОшМУнун окумуштуу катчысы* *Асанбекова Дж.*

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ · МИНИСТЕРСТВО ОБРАЗОВАНИЯ И НАУКИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ · ОШСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ УНИВЕРСИТЕТ · ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ · ИНН 00207199610017